**«БЕКИТЕМИН»**
**Н.Исанов атындагы Кыргыз**
**мамлекеттик курулуш,**
**транспорт жана архитектура**
**университетинин ректору,**
**техника илимдеринин доктору,**
**профессор А.А. Абдыкалыков**

**«2» декабрь 2016-ж.**

Бишкек шаары 1-декабрь 2016-жыл

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институту, К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети жана Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды жана маданият таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоочу Д.09.16.534 Диссертациялык кеңешине философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн көрсөтүлгөн **Салимов Рустамбек Шухратбековичтин** 09.00.11 - социалдык философия адистиги боюнча жазылган **«Кыргызстанда демократиянын калыптануу өзгөчөлүктөрү: философиялык анализ»** аттуу кандидаттык диссертациясынын илимий-практикалык мааниси жөнүндө Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин «Философия жана социалдык-гуманитардык илимдер» кафедрасынын жыйынын 2016-жылдын 1-декабрындагы №11-протоколунун

## КӨЧҮРМӨСҮ

**Катышкандар:**

**Джумабаева А.М.** – жыйындын төрайымы; философия жана социалдык-гуманитардык илимдер кафедрасынын башчысы, тарых илимдеринин кандидаты, доцент. (07.00.02)
**Жумагулов М.Ж**. – философия илимдеринин доктору, профессор. (09.00.01)
**Бапиев А.С.** – философия илимдеринин кандидаты, доцент. (23.00.02)
**Акматова Н.С.** – философия илимдеринин кандидаты, улуу илимий кызматкер. (09.00.03)
**Карыева А.К.** – тарых илимдеринин кандидаты, доцент. (07.00.02)
**Абылкасымова Г.А**. – философия илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. (09.00.03)
**Карамолдоева С.С.** – ага окутуучу;
**Асаналиева Д.У.** – ага окутуучу;
**Бабаев Э.А.** – ага окутуучу;

**Борубаева Ф.М**. – ага окутуучу;
**Сырымбетова Ч.С.** – ага окутуучу;
**Исмаилова А.Б**. – ага окутуучу;
**Сапалова А.У**. – ага окутуучу;
**Аманбаева Н.** – ага окутуучу;
**Салимов Р.Ш.** – изденүүчү;
**Зарлыкова Н.З. –** катчы.

**Күн тартибинде:**

1. Р.Ш. Салимовдун **«Кыргызстанда демократиянын калыптануу өзгөчөлүктөрү: философиялык анализ»** темасында философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациялык ишин талкуулоо, адистиги 09.00.11 – социалдык философия.

**Чыгып сүйлөштү:**

**Джумабаева А.М**.: Урматтуу кесиптештер! Биз бүгүн Р.Ш. Салимовдун философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «**Кыргызстанда демократиянын калыптануу өзгөчөлүктөрү: философиялык анализ»** аттуу диссертациялык иши талкууга коюлуп жатат. Кандидаттык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академифсынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун социалдык философия, эстетика жана этика бөлүмүндө аткарылды. Илимий жетекчиси - КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, философия илимдеринин доктору, профессор Тогусаков Осмон Асанкулович, расмий оппоненттери: философия илимдеринин доктору, профессор Орозалиев Эрик Садыкович, философия илимдеринин кандидаты, доцент Самыйканов Адисбек Тынчтыкбекович.

Изденүүчү жөнүндөгү маалыматтар боюнча суроолор барбы? Жок болсо изденүүчүгө сөз берсек. Диссертант, сизге регламент боюнча он мүнөт убакыт берилет.

**Изденүүчү Салимов Р.Ш.:** Саламатсыздарбы, урматтуу жыйындын төрайымы, агайлар, эжекелер жана катышуучулар. Талкууга коюлуп жаткан диссертация философия илимдерин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн 09.00.11. – социалдык философия адистиги боюнча жазылып, «**Кыргызстанда демократиянын калыптануу өзгөчөлүктөрү: философиялык анализ»** деп аталат.

Кайра куруу доорунда совет өлкөсүн саясий, социалдык-экономикалык жана укуктук жактан трансформациялоо жолу СССРдин кыйрашына алып келди. Жаңы көз каранды эмес мамлекеттердин, анын ичинде суверендүү Кыргыз Республикасынын түзүлүшү коомду радикалдуу саясий-маданий, ошондой эле социалдык-экономикалык жактан өзгөртүү менен шартталган бир топ проблемаларды чечүү зарылдыгын баса белгиледи. Мындай жагдайда көпчүлүк мамлекеттер саясий жана социалдык-экономикалык

кайра түзүүлөрдүн демократиялык жолун тандап алышты. Бирок мезгилдин өтүшү менен демократиялык институттардын түзүлүү жана функциялануу натыйжалары түрдүү мүнөзгө ээ болду. Тигил же бул деңгээлди шарттаган себептердин ичинен демократиялык реформалар ишке ашкан элдердин, мамлекеттердин маданий-цивилизациялык өзгөчөлүктөрү зор роль ойнойт.

Кыргызстанда акыркы мезгилдерде болуп өткөн өзгөрүүлөр да күтүлгөн натыйжага толугу менен алып келе элек. Саясий системалардын жана түзүлүштөрдүн, ошондой эле маданияттардын унификациясына алып келген ааламдашуу шартында жана «жарандык институттарды жайылтуу, өнүктүрүү максатында» деген чүмбөттү жамынып ишке ашырылган «түстүү революциялар» демократия феноменин изилдөө зарылдыгын дагы бир ирет далилдөөдө. Азыркы өлкөлөрдүн көпчүлүгү өздөрүн демократиялык мамлекет катары эсептешет, анткени алар толук кандуу жарандык институттарды түзүүгө умтулушууда. Демократия сыяктуу эле бул институттардын жагымдуулугу экономикалык жана технологиялык жактан күчтүү өнүккөн өлкөлөрдүн демократиялык мамлекеттер катары саналышы менен түшүндүрүлөт. Андыктан аталган институттардын мамлекетте натыйжалуу функцияланышы экономикалык өсүп-өнүгүүгө, аны менен катар социалдык жана саясий стабилдүүлүккө алып келет деген ой басымдуулук кылат.

Кыргызстандагы демократиянын азыркы абалы жана өнүгүү деңгээли көптөгөн суроолорду пайда кылат, алардын көпчүлүгүнө кыргыз элинин маданий-цивилизациялык өзгөчөлүгүн эске алып жооп берүүгө болот. Азыркы Кыргызстандагы демократиялык курулуштун реалдуу жетишкендиктери, ийгиликтери Борбордук Азияда жашаган башка элдерден толеранттуулуктун жана эркиндикке умтулуунун жогорку даражасы, эмансипация менен айырмаланган кыргыздардын маданий, менталдык өзгөчөлүктөрү аркылуу шартталат. Бирок Кыргызстанда демократиялык институттарды куруудагы кыйынчылыктар этностук айырмачылыктар, башкача айтканда, менталдык специфика менен шартталат. Аталган жагдайлар иштин актуалдуулугун белгилейт.

***Изилдөөнүн объектиси*** болуп социалдык-руханий реалдуулуктун өзгөчө феномени болгон демократия эсептелет. ***Изилдөөнүн предмети*** - Кыргызстандагы демократиянын маданий-цивилизациялык негиздери, анын калыптануу өзгөчөлүктөрү.

***Изилдөөнүн максаты жана милдеттери. Диссертациянын негизги максаты*** болуп Кыргызстандагы тарыхый жана маданий-цивилизациялык айырмачылыктар менен шартталган демократиялык процесстердин калыптануу өзгөчөлүктөрүн философиялык талдоо саналат.

Белгиленген максатка ылайык иштин төмөнкү милдеттери аныкталды:

- демократия түшүнүгүн маданий-цивилизациялык өңүттөн философиялык талдоо;
- демократиянын маңызын жана карама-каршылыктарын изилдөө;

- мамлекетибиздеги демократиянын салттуу, маданий-цивилизациялык негиздерин аныктоо;
- кыргыз элинде байыркы мезгилден эгемендүүлүккө чейинки демократиянын калыптануу спецификасын тактоо;
- азыркы Кыргызстандын демократиялык өнүгүү өзгөчөлүктөрүн иликтөө.

***Коргоого сунушталуучу негизги жоболор:***

1. Демократиянын мүнөзү, анын формалдуу белгилери, коомдо же мамлекетте өнүгүү даражасы ошол социум тарыхый өнүгүү процессинде калыптандырган баалуулуктар системасы, дүйнө жөнүндөгү элестөөлөр, жүрүм-турумдук стереотиптер аркылуу аныкталат. Андыктан демократиянын өнүгүү мүнөзүн жана даражасын изилдегенде коомдук топтордун күчүн жана кызыкчылыктарын эле эмес, аксиологиялык ченемдерди, жүрүм-турумдун туруктуу үлгүлөрүн, ошондой эле моралдык-этикалык нормаларды, кыскасы, жалпы тарыхый жана маданий тажрыйбаны эске алуу максатка ылайыктуу.

2. Демократиянын маңызы массанын чыгармачыл энергиясын багыттоочу укуктук жана социалдык-саясий шарттарды түзүүдө турат. Бирок изилденип жаткан феномендин маңызы анын мамлекеттин экономикасына карата позитивдүү таасири менен чектелет деп айтууга болбойт. Аталган феномен күчтүү, таасирдүү топтордун өз ара байланышынын жана күрөшүнүн натыйжасы болуп саналат. Анын маңызы ошол күчтөрдүн катышы аркылуу ачылат. Ал эми бул кубулуштун негизин түзүүчү эркиндик, теңдик, бир туугандык, адилеттүүлүк сыяктуу идеалдар демократиянын максаты болуп саналат. Демократиянын карама-каршылыгы трайбализм, аймактык бөлүнүү, автократтык тенденциялар сыяктуу көрүнүштөрдү пайда кылган өзгөчөлүктөр менен түшүндүрүлөт.

3. Салттуулукту сактаган социумдар авторитаризмге ыктап, плюрализмге карама-каршы багытталган. Авторитаризм формасы жана маңызы боюнча салттуу коомго жакын, ал социумду туруктуу абалда кармайт, ал эми плюрализм салттуу коомго терс таасирин тийгизет. Салттуу коом төмөнкү деңгээлдеги көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт. Бул жагдай социумдун социалдык-экономикалык, маданий-руханий абалына белгилүү таасирин тийгизет. Байыркы доорлордон тартып көчмөн кыргыз эли чарбалык жана саясий жактан автономдуу, көз карандысыз социум катары белгилүү.

4. Октябрь революциясынын жеңиши менен советтик мамлекетте жаңы демократия бекемделген, ал жаңы социалдык-экономикалык жана саясий системанын пайда болушу менен шартталган бир топ өзгөчө мүнөздөргө ээ болуу менен бирге көп жагынан аталган түшүнүктүн азыркы мааниси менен дал келбейт. Айрым мүчүлүштүктөрүнө карабастан советтик демократия позитивдүү мүнөзү менен өзгөчөлөнүп турат.

5. Эгемендүү Кыргызстанда коомдук жана саясий жашоону демократиялаштыруу жаатында көптөгөн иш-аракеттер жасалган. Бирок бул жагдай негизинен коомдук жана саясий жашоону институционалдаштыруу

процессине тиешелүү, башкача айтканда аталган процесс коомдук мамилелерди социалдык институттарга кайра түзүү эрежелери, нормалары жана санкциялары негизделген демократиялык формага өткөрүүнү билдирет. Формалдуу көз караш менен айтканда, Кыргызстанда демократиялык институттар түзүлгөн, бирок алардын реалдуу мазмуну дагы деле салттуу коомдун мүнөзүн алып жүрөт.

Диссертациялык иш киришүүдөн, эки баптан, беш параграфтан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. «Демократия феноменин изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери» аттуу биринчи бапта демократия маданий-цивилизациялык көз караштан талдоого алынып, анын маңызы, карама-каршылыктуу мүнөзү изилденди. «Демократия маданий-цивилизациялык кубулуш катары» деп аталган биринчи параграфта демократия маданий-цивилизациялык өнүгүүнүн контекстинде философиялык талдоого алынды. «Демократиянын маңызы жана карама-каршылыктары» деп аталган экинчи параграфта бул процесстин маңызы жана карама-каршылыктары изилденди. «Кыргызстандын демократиялык өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү» аттуу экинчи бапта өлкөбүздөгү демократиянын салттуу, маданий-цивилизациялык негиздери, кыргыз элинде байыркы мезгилден эгемендүүлүккө чейинки мамлекеттүүлүк шартындагы демократиянын калыптанышы, эгемендүү Кыргызстандын демократиялык өнүгүү өзгөчөлүктөрү талдоого алынды. «Салттуулук - Кыргызстандагы демократиянын маданий-цивилизациялык негизи» деп аталган биринчи параграфта Кыргызстандагы демократиянын салттуу, маданий-цивилизациялык негиздери философиялык рефлексиянын деңгээлинде иликтенди. «Кыргыз мамлекеттүүлүк шартындагы демократия (байыркы доордон эгемендүүлүккө чейин)» деп аталган экинчи параграфта кыргыз элинин байыркы мезгилден эгемендүүлүккө чейинки мамлекеттүүлүк шартында демократиянын калыптанышы изилденди. «Азыркы Кыргызстандын демократиялык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү» деп аталган үчүнчү параграфта өлкөбүздүн учурдагы демократиялык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү талдоого алынды. Корутундуда диссертациялык изилдөөнүн негизги натыйжалары жана жалпы жыйынтыктары көрсөтүлгөн.

Урматтуу агайлар, эжекелер, сиздердин талкууңуздарга койгон диссертациялык ишим боюнча өз пикириңиздерди, көз карашыңыздарды айтып, аны ачык коргоого сунуштап берүүңүздөрдү суранам. Көңүл бурганыңыздар үчүн рахмат!

**Джумабаева А.М.:** Урматтуу кесиптештер биз изденүүчүнүн диссертациялык изилдөөлөрүнүн негизги жоболору боюнча жасаган баяндамасына күбө болдук. Эми кезекти диссертациялык ишти окуп чыккан, окумуштуу агайлардын, окутуучулардын изденүүчүгө бериле турган суроолоруна көңүл бурсак кана кимде кандай суроолор бар?

**Бапиев А.С.:** 1) Какой ВУЗ вы окончили и когда? 2) Сколько лет вы занимаетесь данной темой?

**Салимов Р.Ш.:** 1) Я в 2011 году окончил специальность «Международные отношения» Кыргызско-Узбекского университета. 2) Над кандидатской диссертацией работаю с 2011 года.

**Жумагулов М.Ж.:** Сиздин темаңызга байланышкан маселелер Кыргызстанда илимий чөйрөдө каралды беле?

**Салимов Р.Ш.:** Рахмат. Аталган тема боюнча Кыргызстанда төмөнкү докторлук, кандидаттык изилдөөлөр бар: Ч.Т. Нусуповдун «Национальная идеология Кыргызстана и современность: демократические пути преобразования» деген докторлук диссертациясы, А.Б. Анарбековдун «Кыргыз Республикасынын саясий модернизациясы» аттуу кандидаттык диссертациясы, Ж.К. Урманбетованын «Цивилизациялык өнүгүүнүн контекстиндеги кыргыздардын маданияты» аттуу докторлук иши, Ч.С. Аписованын «Формирование социального государства Кыргызской Республики в условиях демократизации общества» аттуу эмгеги ж.б.

**Карыева А.К.:** Сиздин оюңузча демократиянын принциптери кайсылар? Ошол принциптер азыркы Кыргызстандын демократиялык абалында канчалык деңгээлде?

**Салимов Р.Ш.:** Суроонуз үчүн рахмат. Кыргыз Республикасы азаттыкка чыкканда демократиялык жолду тандап алган жана ушул багытта өнүгүүгө болгон күч аракетин жумшап келет. Бүгүнкү күндө эң бай жана социалдык жактан камсыз болгон өлкөлөр – демократиялык режимдегилер, эң тарыхый перспективдүү мамлекеттер – демократиялык мамлекеттер жана эң эркин коомдор – демократиялык коомдор. Демократия – саясий принцип, бийликтин өзгөчө түрү, башкаруу системасы, саясий режимдердин көп түрдүүлүгү, белгилүү бир саясий маданият, идеологиялык комплекс, дүйнөтааным, белгилүү бир жашоо стили жана башкалар. Демократиянын негизги принциптери төмөнкүлөр: 1) Элдик бийлик, эл бийликтин булагы, бийлик ал тарабынан тикелей же өкүлчүлүк формасында ишке ашырылат. Кыргызстандын Конституциясында да: “Кыргыз Республикасынын эгемендигинин жана бийлигинин ээси болуп өлкөнүн көп улуттуу калкы саналат”, деп баса белгиленген. Кеңири тараган өкүлчүлүк формасындагы принцип, ага ылайык жарандар мыйзам чыгаруучу бийликти жана аткаруучу бийликти шайлашат; 2) Чечимдердин көпчүлүк добуш менен кабыл алынышы. Мындан азчылыктын укугун коргоо принциби келип чыгат. Азчылык оппозиция түзүү укугуна ээ болууга тийиш. Жарандардын саясий, социалдык, экономикалык, маданий укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу демократиялык прициптердин бирине кирет. Бул бийликтин бөлүнүшүнө негизделген укуктук мамлекет учурунда гана толук мүмкүн болот; 3) Мыйзам алдында жарандардын теңдиги; 4) Маалымдуулук принциби - демократиянын алмаштыргыс шарты. Ар бир адам өз оюн айтууга жана өзгөчө көз караш үчүн куугунтукка алынбашы керек. Массалык маалымат каражаттары өкмөттүк цензурадан эркин болот; 5) Чыдамкайлык принциби аң-сезимдүү прагматизм, кызматташтык жана компромисс – демократиянын негизги принциптерине кирет. Демократтык прициптер өтө эле көп. Демократиялык прициптердин бардыгы толук ишке

ашкан бир да өлкө жок. Демократиялык прициптер – бул демократиянын модели, идеал, демократтык өнүгүү жолуна түшкөн өлкөлөр бул идеалга жетүүгө аракет кылышат.

Демократиянын бул негиздерине карасак, Кыргызстанда идеалдуу болбосо дагы демократиялык режим өкүм сүрүп жатканын, демократиялык коом калыптана баштаганын айта алабыз. Демократиялык режимдин зарыл шарттарынын бири катары шайлоо тартиби менен тандалган эл өкүлдөрүн - парламентти кабыл алабыз. Өлкөбүздүн Конституциясы боюнча Кыргызстан парламенттик мамлекет болуп саналат.

**Карамолдоева С.С.:** Кыргыз элинде байыркы мезгилден эгемендүүлккө чейинки демократиянын калыптануу спецификасы кайсылар?

**Салимов Р.Ш.:** Рахмат. «Демократия» сөзү грек тилинен алынган (demos – эл, kratos – бийлик), элдик башкаруу бийлиги деген маанини билдирет. Демократия социумдун мамлекеттик, саясий түзүлүшүнүн формасы болуп саналат. Анын өзгөчөлүктөрүнө төмөндөгүлөр кирет: демократиялык мамлекетте эл бийликтин булагы катары кабыл алынып, көпчүлүктүн бийлиги, жарандардын тең укуктуулугу жана мыйзамдын жогору турушу. Демократия - коомдун туруктуу өнүгүү жолу, анын материалдык негизин коомдук менчик, руханий негизин улуттук идеология, социалдык негизин адилеттүүлүк, саясий негизин мамлекеттүүлүк түзөт. Кыргыз Республикасы Конституция боюнча демократиялык мамлекет, Кыргызстандын эли эгемендиктин ээси, мамлекеттик бийликтин негизги булагы болуп эсептелет, эл бийлиги Конституциялык түзүлүштүн негизин түзөт.

**Абылкасымова А.Г.:** Демократиянын тарыхый типтери кайсылар?

**Салимов Р.Ш.:** Рахмат. Демократиянын тарыхый типтери төмөнкүчө бөлүнөт:

1. Байыркы Грециядагы жана Рим республикасындагы антикалык демократия;
2. Орто кылымдагы Европадагы демократия;
3. Буржуазиялык демократиялык парламенттик саясий система;
4. Бүгүнкү күндөгү демократия.

**Бабаев Э.А.:** События, которые произошли в 2005 и 2010 году в Кыргызстане, это пример демократизации общества или слабость демократии?

**Салимов Р.Ш.:** Спасибо**.** После **с**обытий, которые произошли в 2005 и 2010 году в Кыргызстане развивается свобода слова. В качестве примера можно привести создание Наблюдательного совета КТРК и реформы по переформатированию его в Общественную телерадиокорпорацию. В республике свободно ведут деятельность СМИ разных направлений. Становится более эффективной работа неправительственных организаций и это пример демократизации общества.

**Джумабаева А.М.**: Эгер суроолор берилип бүткөн болсо, анда талкууга өтсөк.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

**Абылкасымова Г.А.:** Р.Салимовдун илимий изилдөөсү Кыргызстанда демократиянын калыптануусунун өзгөчөлүктөрүн философиялык талдоого арналган. Кыргызстандагы бүгүнкү күндөгү демократиялык өнүгүү проблемаларынын булагын иликтөөдө этносубуздун тарыхын жана маданий-цивилизациялык өзгөчөлүктөрүн талдоо зарылдыгы изилденүүчү теманын актуалдуулугун көрсөтөт.

Илимий изилдөөнүн объектиси, предмети жана максаты, милдеттери диссертациялык иштин логикалык түзүмүн, теориялык, методологиялык негизин жана коргоого сунушталуучу жоболордун маани-маңызын мүнөздөгөн. Диссертация "Киришүүдөн", эки баптан, беш параграфтан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. "Киришүүдө" диссертациялык ишке жалпы мүнөздөмө берилип, теманын актуалдуулугу белгиленип, изилдөөнүн максаты, милдеттери жана илимий жаңылыгы аныкталып, негизги жоболору, апробацияланышы көрсөтүлгөн.

"Демократия феноменин изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери" аттуу биринчи бапта диссертант демократия маселесин маданий-цивилизациялык көз караштан талдап, анын маңызын, карама-каршылыктарын изилдеген. Ушул өңүттө "Демократия маданий-цивилизациялык кубулуш катары" аттуу биринчи параграфта демократия түшүнүгүнүн аныктамалары берилип, демократиянын маселеси социо-руханий жана маданий факторлордун негизинде аныкталган. "Демократиянын маңызы жана карама-каршылыктары" аттуу экинчи параграфта демократиялык процесстердин маңызы жана карама-каршылыктары анализденген.

"Кыргызстандын демократиялык өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү" аттуу экинчи бапта өлкөбүздөгү демократиянын маданий-цивилизациялык негиздери, кыргыз элинин байыркы мезгилден эгемендүүлүккө чейинки мамлекеттүүлүк шартындагы демократиянын калыптанышы, эгемендүү Кыргызстандын демократиялык өнүгүү өзгөчөлүктөрү изилденген. Экинчи баптын биринчи параграфында салттуулук - Кыргызстандагы демократиянын маданий-цивилизациялык негизи катары көрсөтүлгөн. Бул параграфтын мазмунда салттуу кыргыз коомчулугунда коллективдүү кызыкчылыктар индивидуалдык кызыкчылыктардын үстүнөн басымдуулук кылаары белгиленип,бул жагдай батыш мамлекеттердеги демократиянын принциптерине каршы келгендиги изилденген. Экинчи баптын экинчи параграфында байыркы мезгилден эгемендүүлүккө чейин демократиянын маңызын ачуу үчүн кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхына көңүл бурулган. Кыргыз элинин басып өткөн тарыхый жолунун мүнөздүү өзгөчөлүктөрү баяндалып, анын татаал тутумунда аскердик демократия мезгилинин олуттуу белгилеринин орун алгандыгы жана октябрь революциясынын жеңиши менен советтик демократиянынбекемделгени иликтенген. Экинчи баптын үчүнчү параграфында Кыргызстандын учурдагы демократиялык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү иликтөөгө алынган. Бул параграфта диссертант Кыргызстанда

азыркы учурда салттуулук өлкөнүн экономикалык жана саясий жашоосуна таасирин тийгизип, демократиялаштыруу процессине тоскоолдук берип келээрин таасын билдирет. Ошол себептүү өлкөбүздө демократиялык институттар түзүлгөнү менен алардын реалдуу мазмуну салттуу коомдун мүнөзүн алып жүрөөрү такталган.

Диссертациянын темасы боюнча 17 илимий макала жазылган.

Салимов Рустамбек Шухратбековичтин “Кыргызстанда демократиянын калыптануу өзгөчөлүктөрү: философиялык анализ” аттуу темада жазган диссертациясы бир бүтүндөй жыйынтыкталган илимий изилдөө болуп саналат да, теориялык-методологиялык деңгээли боюнча философия илиминде аткарылган диссертациялардын, аларга коюлган Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиянын талаптарына толук жооп берет. Ошондуктан изденүүчү Салимов Рустамбек Шухратбековичтин 09.00.11. – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу.

**Бапиев А.С.:**

1. Тема является актуальной, так как, сейчас в Кыргызстане идут демократические процессы.

2. Научные результаты отвечает требованиям «Положения о порядке присуждения ученых степеней».

3. Степень обоснованности и достоверности каждого положения, вывода и заключения в диссертации достаточая.

4. Новизна научного исследования заключается в следующем:

- суть демократии определяется с учетом культурно-цивилизационных противоречий;

- исследована роль традиционности в становлении демократии в Кыргызстане;

- анализировано становление демократии и ее особенности в Кыргызстане.

5. Диссертация представляет собой целостную работу, имеющую свою логику завершения.

6. Работа направлена на решения теоретической и прикладной задачи, а именно процесс становления демократии в Кыргызстане и механизмы разрешения противоречий в ходе политического процесса.

7. Публикации автора охватывают основные положения диссертации.

Недостатки работы заключается следующем:

- тезисы и тексты не лаконичны, слишком растянуты и несут разного смысловых нагрузок и потому с трудом воспринимаются;

- в работе преобладают исторические аспекты, а должны были доминировать философский и логический анализ в исследовании проблем;

- в анализе становления демократии в Кыргызстане следовало более глубоко рассмотреть соотношение ценностей коллективизма и индивидуализма и их противоречий.

**Акматова Н.С.:** Тема диссертации об особенностях демократии в Кыргызстане не раз рассматривалась в науке и с политологической, и

философской, и социологической, и исторической наук, но акценты, взгляды всегда разные, тем более эта проблема приобретает все более разные проявления.

План построен логично, актуальность работы  не вызывает сомнений несмотря на выше отмеченное, т.е. степень ее изученности.

Определены правильно предмет, объект исследования.

Четко сформулированы поставленные задачи, цель.  Выделены, отмечены новизна и положения диссертации. Публикации соискателя свидетельствуют о том, что автор занимается проблемой диссертации с  2010 г.

Автор сумел раскрыть и достичь поставленные цель и  задачи исследования.

Теоретически: Демократия – это такой тип государственного устройства, при котором главенствующей становится народная власть. Основные признаки демократии – это свободная воля граждан страны, их равноправие, выборная основа органов власти, подотчетность государственных органов и разделение всех структур власти.

Право – главная форма, в которой реализуются все принципы и нормы демократического устройства. Оно представлено системой законов, управляющих жизнью общества. Современное демократическое общество существенно отличается от исторической демократии. Оно основывается на политических взглядах эпохи Просвещения и Нового времени

Автором проделана определенная исследовательская работа. Но вместе с тем в работе все таки очень слабо освещаются особенности демократии в Кыргызстане. Вообще, какова цель нашего государства в построении демократического государства? Почему мы так долго ее достигаем? Каковы проблемы, мешающие демократическим процессам? Особенности демократии в информационном обществе?

На мой взгляд эти вопросы очень сложные.( теорет. аспект, а на практике?)

В целом работа Салимова соответствует требованиям. Можно рекомендовать к защите  работу Салимова Р Ш. на тему: «Особенности становления демократии в Кыргызстане: философский анализ» по специальности 09.00.11 – социальная философия, представленной на соискание ученой степени кандидата философских наук.

**Карыева А.К.:** Тема актуалдуу темалардан. Теманын актуалдуулугу күмөн жаратпайт. Сунуш катары төмөнкүлөрдү кошууга болот:

1) Кыргыз окумуштууларынын демократия боюнча жазылган эмгектерине анализ берилген эмес;

2) Кыргызстандагы азыркы абалдагы демократиянын өзгөчөлүгү коншу Орто Азия мамлекеттери менен салыштырылган эмес.

**Карамолдоева С.С.:** Кандидаттык иштин темасы бүгүнкү күндө абдан актуалдуу, талашсыз. Философиялык анализ берүү, демократиянын маанисин, маңызын, натыйжаларын жана келечегин гана чагылдырбастан, анын карама-каршылыктарын, Кыргыз мамлекетинин бийлик

системасындагы жарандык коомдогу өзгөчөлүктөрүн, элдин менталитетиндеги ордун жана анын кабылдамасын, оң жана терс жагдайларын чагылдыруу дегенди билдирет.

Диссертациянын автореферати менен таанышып төмөнкү ойлор жаралды:

1. Кандидаттык иш орус тилинде жазылып, кыргызчага которулгандай сезилет, анткени айрым сүйлөмдөгү ойлор толук берилбептир.
2. 3-бет. Объективдүү шарттарга байланыштуу… “сырткы күчтөр” - субьективдүү шарттар болот го. Объективдүү шарт - бул тарыхый өнүгүү закон ченемдүү көрүнүш катары каралышы, (керек деп ойлойм) ошондон улам, Кыргызстанда демократиянын өнүгүшү, тээ илгери заманда эле керек болсо кыргыздар алгачкы уруулук коомдук мамлелер аралашкан урук-уруулук түзүлүшүндө эле түптөлүп, ар кандай тарыхый согушгул, экономикалык жана башка жагдайларда өзгөрүп, өнүгүп келгенин баса белглеш керек эле.

Кыргызстандагы демократиянын абалы кыргыз элинин маданий-цивилизациялык өзгөчөлүгүнө байланыштуу деп жазат автор, бирок автореферат мазмуунуна таянсак, кыргыздардын тарыхы, салттуулугу, маданий-цивилизациялык жетишкендиктери үстүрттөн каралгандай сезилет.

Кыргыз элинин байыркы мезгилден эгемендүүлүккө чейинки демократиянын калыптануу специфкасын авторефератa кездештире алган жокмун.

6-бет. Кыргызстанда демократия салттуулукка таянат деген түшүнүк берилет. Бирок салттуу коомдун көрсөткүчтөрү мүнөздөлбөйт.

9-бет. Диссертацияда колдонулган маданий-цивилизациялык ыкма этнос жана демократиянын тыгыз байланышын белгилейт. Демек, этностун маңызына, өзгөчөлүктөрүнө карап демократияга белгилүү баа берүүгө болот деп балгилейт автор, ошол эле учурда кыргыздардын көчмөн мал-чарба шартына ылайык кыргыз коомун демократянын өнүгүшүнө, өзгөчөлүктөрүнө жетиштүү баа берилген эмес. (авторефератa чагылдырылган эмес).

16-бет. “Кыргыз мамлекетинин көз карандысыздыгы жөнүндө” Декларация 31-август 1991 жылы кабыл алынган.

Диссертацияны колдойм, ийгилик каалайм.

**Жумагулов М.Ж.:** Диссертациялык иш ааламдашуу шартындагы эгемен Кыргызстандын туруктуу өнүгүү зарылдыгын камсыз кылуу жагдайында актуалдуу маселеге арналган. Андыктан маданий-цивилизациялык өнүгүү контекстинде биздин өлкөбүздө демократиянын калыптануу, өнүгүү өзгөчөлүктөрү философиялык-методологиялык иликтөөгө алынган. Изилдөө ишинин объектине, предметине жана максат, милдеттерине ылайык талапкер бири-бири менен өз ара байланышкан социалдык-эпистемиологиялык нуктагы жагдайларды карап, айрым маанилүү жоболорду, жаңылыктарды ала алган. Ушуга байланыштуу демократия феномени маданий-цивилизациялык прогресстин натыйжасы иретинде талданган, маани-маңызы этникалык тарыхтын карама-каршылыктуу өнүгүшүнүн өңүтүндө каралып, Кыргызстанда демократиянын калыптанышындагы салттуулук эске алынат.

Тарых философиясынын шартындагы демократия процессинин конкреттүү-тарыхый мүнөзү каралып, ошону менен бирге заманбап өлкөбүздүн демократиялык өнүгүү өзгөчөлүктөрү экспликацияланган.

Жогоруда белгиленген позитивдүү жагдайлар (жетишкендиктер) менен бирге эле диссертациялык иштеги айрым мүчүлүштүктөрдү белгилөө абзел: а) демократиянын өнүгүшүндөгү карама-каршылыктардын маани-маңызы толук ачылбаган; б) эгемендүү Кыргызстандагы демократиянын диалектикасындагы мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү так, ынамдуу көрсөтсө изилдөөчү илимий теориялык жактан утаар эле; в) иштин текстинде айрым стилистикалык, техникалык каталар кезигет.

Белгилей турган нерсе, аталган мүчүлүштүктөр диссертациянын илимий деңгээлин төмөндөтпөйт. Илимий изилдөө кандидаттык диссертациялардын талаптарын канааттандырат. Автор диссертацияда коюлган максатка жете алган. Диссертациялык ишти коргоого сунуш кылса болот.

**Джумабаева А.М.:** Талкуулоону токтотолу.

**Салимов Р.Ш.:** Урматтуу кесиптештер! Менин диссертациямды талкуулоо учурунда берилген баалуу пикирлер жана сунуштар үчүн сиздерге терең ыраазычылыгымды билдирем. Мен да негизинен айтылган ой пикирлер, сунуштар жана сын пикирлер менен макулмун жана мүмкүн болушунча кийинки илимий ишмердигимде эске алганга аракет кылам.

**Джумабаева А.М.:** Анда эмесе колго салалы. Ким бул сунушка макул болгон жолдоштор кол көтөрүп койгула.

Макул - 14.

Каршы - жок.

Калыс - жок.

**Джумабаева А.М.** Кафедра төмөндөгүдөй жыйынтыкка келди: Талкуулаган изденүүчү Р.Ш. Салимовдун «Кыргызстанда демократиянын калыптануу өзгөчөлүктөрү: философиялык анализ» деген темадагы диссертациялык ишин жогорудагы айтылган сын-пикирлерди эске алуу менен адистештирилген диссертациялык кеңеште коргоого сунуш кылабыз.

## П И К И Р И

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институту, К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети жана Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды жана маданият таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоочу Д.09.16.534 Диссертациялык кеңештин 2016-жылдын «28» июнундагы жыйынында Р.Ш. Салимовдун 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **«Кыргызстанда демократиянын калыптануу өзгөчөлүктөрү: философиялык анализ»** аттуу темадагы диссертациясын ачык коргоого **жетектөөчү мекеме катары** 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер

адистиги боюнча белгилүү адистер, илимдин докторлору, кандидаттары эмгектенип жаткан Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин Философия жана социалдык-гуманитардык илимдер кафедрасы бекитилген.

2016-жылдын «1» декабрында Салимов Рустамбек Шухратбековичтин диссертациясынын кол жазмасы аталган окуу жайдын Философия жана социалдык-гуманитардык илимдер кафедрасынын адис-окумуштуулары тарабынан талкууланып, төмөнкүдөй жыйынтыктарга келди:

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу жана анын жалпы мамлекеттик программалар менен байланышы.** Кыргызстанда акыркы мезгилдерде болуп өткөн өзгөрүүлөр да күтүлгөн натыйжага толугу менен алып келе элек. Азыркы өлкөлөрдүн көпчүлүгү өздөрүн демократиялык мамлекет катары эсептешет, анткени алар толук кандуу жарандык институттарды түзүүгө умтулушууда. Демократия сыяктуу эле бул институттардын жагымдуулугу экономикалык жана технологиялык жактан күчтүү өнүккөн өлкөлөрдүн демократиялык мамлекеттер катары саналышы менен түшүндүрүлөт. Андыктан аталган институттардын мамлекетте натыйжалуу функцияланышы экономикалык өсүп-өнүгүүгө, аны менен катар социалдык жана саясий стабилдүүлүккө алып келет деген ой басымдуулук кылат.

Кыргызстандагы демократиянын азыркы абалы жана өнүгүү деңгээли көптөгөн суроолорду пайда кылат, алардын көпчүлүгүнө кыргыз элинин маданий-цивилизациялык өзгөчөлүгүн эске алып жооп берүүгө болот. Азыркы Кыргызстандагы демократиялык курулуштун реалдуу жетишкендиктери, ийгиликтери Борбордук Азияда жашаган башка элдерден толеранттуулуктун жана эркиндикке умтулуунун жогорку даражасы, эмансипация менен айырмаланган кыргыздардын маданий, менталдык өзгөчөлүктөрү аркылуу шартталат. Бирок Кыргызстанда демократиялык институттарды куруудагы кыйынчылыктар трайбализм, аймактык бөлүнүү, автократтык тенденциялар сыяктуу көрүнүштөрдү пайда кылган өзгөчөлүктөр менен түшүндүрүлөт. Мындай илимий кызыкчылык изилденүүчү теманын учурдагы актуалдуулугун көрсөтөт.

Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык принциптерин, корутундуларын, натыйжаларын Кыргызстандагы демократияны калыптандыруу маселелери боюнча мамлекеттик саясатты иштеп чыгууда пайдалануу жакшы натыйжа берет. Бул иштин жаңылыгы да мына ушул шарттар менен аныкталган.

Бул жагынан алганда изденүүчү Р.Ш. Салимовдун диссертациялык иши теманын тандалышы жагынан учурдун талабына толук жооп берет, анын актуалдуулугу диссертациянын киришүү бөлүмүндө да жетишээрлик деңгээлде аныкталган.

**Диссертацияларга коюлган талаптарга ылайык иштин илимий жыйынтыктары.**

- демократия феномени өнүгүүнүн натыйжасы катары талдоого алынды;

- демократиянын маңызы жана карама-каршылыктары этностун менталитетин эске алуу менен аныкталды;
- Кыргызстанда демократиянын калыптанышындагы салттуулуктун ролу изилденди;
- байыркы мезгилден тартып эгемендүүлүккө чейинки кыргыз мамлекеттүүлүк шартындагы демократиянын калыптанышы аныкталды;
- азыркы Кыргызстандагы демократиялык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрү талдоого алынды.

**Диссертацияда белгиленген илимий жыйынтыктардын, корутундунун негиздүүлүгү жана ынанымдуулугу.** Изденүүчү диссертациялык изилдөөсүндө чыгарган тыянактардын негиздүү жана илимий жактан так болушун көздөп, демократия проблемасы боюнча чет өлкөлүк жана ата мекендик окумуштуулардын философиялык, саясий, социологиялык жана укуктук ой жүгүртүүлөрү түздү. Изилдөө процессинде илимий таанып-билүүнүн системалык, тарыхый, формалдык-логикалык усулдары колдонулду. Иликтөө методологиясынын негизи болуп коомдук өнүгүүнүн обьективдүү мыйзамдарын эске алуу эсептелет.

Изилдөө маданий-цивилизациялык ыкмага таянуу аркылуу жүргүзүлдү, мында иликтөөнүн обьектисин жана предметин талдоо кыргыз элинин маданий-цивилизациялык өзгөчөлүгүн эске алуу менен ишке ашты.

Ушуну менен катар Кыргызстандагы демократияга тиешелүү болгон атайын теориялар колдонулган. Бул шарттар жана эрежелердин алкагында демократияга байланыштуу маселелерди түзүмдүк биримдикте классификациялап, айырмачылыктарын, өзгөчөлүктөрүн жана өзгөрүүлөрүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Аларды жыйноодон баштап, талдоо жана теориялык жактан жалпылоо деңгээлинде да ылайыктуу усул жана ыкмаларды колдонгон.

**Диссертациялык иштеги жаңычылдыктын деңгээли.** Изилдөөнүн илимий жаңылыгы катары демократия феномени өнүгүүнүн натыйжасы катары талдоого алынды; демократиянын маңызы жана карама-каршылыктары этностун менталитетин эске алуу менен аныкталган, Кыргызстанда демократиянын калыптанышындагы салттуулуктун ролу изилденген, байыркы мезгилден тартып эгемендүүлүккө чейинки кыргыз мамлекеттүүлүк шартындагы демократиянын калыптанышы аныкталган, азыркы Кыргызстандагы демократиялык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрү талдоого алынган жана кеңири философиялык талдоо жасалган.

**Изилдөөнүн, андан келип чыккан илимий натыйжалардын ички бүтүндүгү.** Диссертациялык иликтөө канчалык көп маселелерди карап, көптөгөн жыйынтыктар чыгарса да, ал изилдөө катары ички бүтүндүккө ээ. Изилденип жаткан тема менен коошпогон, артыкбаш маалыматтар же атталып кетилген, жеткире айтылбай калган жерлер жокко эсе. Изилдөө композициялык жана мазмундук ырааттуулугу, системалуулугу менен айырмаланат. Алынган жыйынтыктар өз ара байланыштуу, практикалык сунуштар теориялык жоболордун негизинде туура түзүлгөн. Диссертацияда

бир катар жаңы илимий тыянактар жана жоболор чыгарылган. Алар ички биримдикти бир бүтүмдүктү түзүп турат.

**Диссертациянын практикалык мааниси, андагы системалаштырылган материалдар, теориялык сунуштар.** Илимий иштин теориялык мааниси Кыргызстандагы демократиянын өнүгүү абалы жана мүнөзү, демократиялык процесстердин маданий-цивилизациялык негиздери, өзгөчөлүгү жана мүнөзү жөнүндөгү социалдык-философиялык билимдерди кеңейтүүдө жана тереңдетүүдө турат. Диссертациядагы социалдык-философиялык концепция иретинде жалпыланган теориялык-методологиялык нуктагы натыйжаларды демократиянын азыркы абалын талдоодо, анын келечектеги өнүгүү тенденциясы менен байланышкан проблемаларды өздөштүрүүдө, чечмелөөдө колдонууга болот.

Диссертациялык изилдөөнүн материалдарын жана жыйынтыктарын, ошондой эле анын теориялык-методологиялык принциптерин социалдык философия, маданият таануу, маданият жана саясат философиясы, маданият теориясы, глобалистика, дүйнөлүк маданият тарыхы боюнча атайын курстарды окутууда пайдаланууга мүмкүн. Ошондой эле диссертациянын материалдарын ЖОЖдогу жогоруда көрсөтүлгөн предметтер боюнча лекциялык курстарда колдонууга болот. Андан тышкары аларды аталган тематика боюнча кийинки изилдөөлөргө негиз катары колдонуу мүмкүн. Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык принциптерин, корутундуларын, натыйжаларын Кыргызстандагы демократияны түзүү маселелери боюнча мамлекеттик саясатты иштеп чыгууда пайдалануу жакшы натыйжа берет.

**Диссертациянын мазмунунун автордун жарыялаган эмгектеринде чагылдырылышы.** Изилдөөнүн жыйынтыктары Эл аралык илимий жыйындардын жыйнактарында, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын, Кыргызстандын жана чет өлкөлөрдүн илимий журналдарында жарыяланган. Изилденүүчүнүн жалпы он жети илимий макаласы жарык көргөн.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келүүсү.** Автореферат мазмун жана түзүм жагынан диссертацияга толук дал келет. Ал диссертациялык иштин негизги, урунттуу жоболорун ырааттуу түрдө, кыскача чагылдыруу усулунда жүзөгө ашырылган. Ошону менен бирге, аны өз алдынча жарыяланган илимий булак катары да колдонууга болот.

**Диссертациядагы айрым мүчүлүштүктөр.**

Жогоруда белгиленген позитивдүү жагдайлар (жетишкендиктер) менен бирге эле диссертациялык иштеги айрым мүчүлүштүктөрдү белгилөө абзел:

1. Демократиянын өнүгүшүндөгү карама-каршылыктардын маани-маңызы толук ачылбаган. Кыргыз окумуштууларынын демократия боюнча жазылган эмгектерине анализ берилген эмес.

2. Эгемендүү Кыргызстандагы демократиянын диалектикасындагы мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү так, ынамдуу көрсөтсө изилдөөчү илимий теориялык жактан утаар эле. Кыргызстандагы азыркы абалдагы демократиянын өзгөчөлүгү коншу Орто Азия мамлекеттери менен салыштырса болмок.

3. Негизги бөлүмдөгү баптар менен параграфтардын тыянагы жетиштүү деңгээлде чыгарылган эмес.
4. Иштин текстинде айрым стилистикалык, техникалык каталар кезигет.

**Кыргыз Республикасынын окумуштуулук даража ыйгаруу жөнүндө Жобосунун 2-бөлүгүндө айтылган талаптарга диссертациянын жооп бериши.** Диссертация философия илиминдеги өз алдынча жазылган, өз нугу менен аткарылган илимий эмгек болуп саналат. Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин Философия жана социалдык- гуманитардык илимдер кафедрасы Р.Ш. Салимовдун философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга изденип жазылган **«Кыргызстанда демократиянын калыптануу өзгөчөлүктөрү: философиялык анализ»** (адистиги 09.00.11 – социалдык философия) деп аталган илимий диссертациясынын мазмуну, түзүмү, илимий деңгээли, шөкөттөлүшү Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет, ал эми анын автору Салимов Рустамбек Шухратбековичти 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейт.

Корутунду-пикир Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин Философия жана социалдык-гуманитардык илимдер кафедрасынын 2016-жылдын 1-декабрында өткөн атайын отурумунда талкууланган (протокол № 11, «1» декабрь, 2016-жыл).

"Философия
жана социалдык-гуманитардык
илимдер" кафедрасынын башчысы,
тарых илимдеринин кандидаты, доцент — Джумабаева А.М.

Катчы: — Зарлыкова Н.

Заверяю